# Мамлекеттик казына векселдер рыногу

*(2013-жылдын сентябрь айы)*

**1-график. МКВга суроо-талап жана аларды жайгаштыруулар**




Сентябрь айында Финансы министрлигинин мамлекеттик казына векселдерин жайгаштыруунун чогуу алгандагы көлөмү 440,0 млн. сомду түзүү менен 12,5 пайызга төмөндөгөн. Коммерциялык банктардын жигердүүлүгүнүн төмөндөсүнөн улам, суроо-талаптын көлөмү 15,5 пайызга, 509,4 млрд. сомго чейин төмөндөгөн. Жыйынтыгында жүгүртүү мөөнөтү 3, 6 жана 12 айлык МКВлар сегментинде сатуулар төмөндөгөн. Алсак, жүгүртүү мөөнөтү 3 айлык МКВларды сатуулар 15,0 пайызга, 17,0 млн. сомго чейин; 6 айлык МКВлар – 41,5 пайызга, 77,8 млн. сомго чейин; 12 айлык МКВлар – 31,8 пайызга төмөндөгөн, бул 235,4 млн. сомду түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде МКВнын бардык түрлөрү боюнча орточо айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү август айынын көрсөткүчүнүн деңгээлинде калуу менен 8,4 пайыз өлчөмдө түптөлгөн. Сентябрь айында жүгүртүү мөөнөтү 3 айлык баалуу кагазардын кирешелүүлүгү 3,5 пайызды түзгөн (-1,0 пайыздык пункт). Жүгүртүү мөөнөтү 6 жана 12 айлык МКВлардын кирешелүүлүгү ай ичинде өзгөрүүсүз, тиешелүүлүгүнө жараша 6,5 жана 9,4 пайызды түзгөн.

**2-график. МКВ аукциондорунун көлөмүнүн жана кирешелүүгүнүн динамикасы**




Сентябрь айында суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 5,7 пайызга көбөйүү менен 127,4 млн. сомду түзгөн, сатуулардын орточо аукциондук көлөмү, тескерисинче, 17,1 пайызга, 82,5 млн. сомго чейин төмөндөгөн.

Бюджет тартыштыгын таза каржылоо өлчөмү -178,0 млн. сомго чейин төмөндөгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Финансы министрлиги тарабынан 522,8 млн. сом

[1] Бул көрсөткүч ай ичинде суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат, анткени ай ичинде аукциондордун саны туруксуз өлчөм болуп саналат.

суммасына мурда эмитирленген МКВлардын ордун жабуу жүргүзүлгөн. Ушуга байланыштуу, таза каржылоонун суммардык маанисинин айкын наркы боюнча сатуулардын чогуу алгандагы көлөмүнө карата катышы катары эсептелинген МКВ рыногунун эффективдүүлүгү жыл башынан бери август айынын акырына карата көрсөткүчүнө салыштырганда 13,1 пайызды түзүү менен 5,9 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

Өткөн айга салыштырганда сентябрь айында жүгүртүүдөгү МКВ көлөмү 4,7 млрд. сомго чейин төмөндөгөн (-3,8 пайыз). Төмөндөө юридикалык жактар-резиденттердин жана институционалдык инвесторлордун портфелине таасирин тийгизген: МКВ ээлик кылуучуларынын жалпы түзүмүндө алардын үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша 11,6 пайызды (-2,3 пайыздык пункт) жана 12,9 пайызды (-1,0 пайыздык пункт) түзгөн.

Коммерциялык банктардын үлүшү, тескерисинче 3,3 пайыздык пунктка өскөн, ал эми жеке адамдар-резиденттердин салыштырма салмагы өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда өзгөрүүсүз калган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рынокто МКВ менен операциялар жүргүзүлгөн эмес.

**1-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динами**

%

| Мезгил аралагы | Орточо салмактанып алынган киреш-к | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Сентябрь'2012 | 8.7 | 5.5 | 7.0 | 9.9 |
| Октябрь | 9.0 | 6.1 | 7.2 | 10.2 |
| Ноябрь | 9.3 | 5.7 | 7.0 | 10.1 |
| Декабрь | 9.0 | 5.2 | 6.8 | 9.5 |
| Январь '2013 | 8.6 | 5.6 | 6.7 | 9.7 |
| Февраль | 8.4 | 5.3 | 6.5 | 9.5 |
| Март | 8.4 | 5.3 | 6.8 | 9.5 |
| Апрель | 8.4 | 5.0 | 6.1 | 9.5 |
| Май | 9.2 | 5.0 | 6.5 | 10.2 |
| Июнь | 9.1 | 5.1 | 6.5 | 10.0 |
| Июль | 8.1 | 4.9 | 6.4 | 9.6 |
| Август | 8.4 | 4.5 | 6.5 | 9.4 |
| Сентябрь | 8.4 | 3.5 | 6.5 | 9.4 |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*

**2-график. МКВ кармоочулардын номиналдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банк | | Комм. банктар | | Институт. инвестор. | | Резидент жеке адамдар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент эмес адамдар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 1.10.12 | 3,783,180.0 | 0.0 | 0% | 3,104,572.8 | 82.1% | 610,877.4 | 16.1% | 7,601.3 | 0.2% | 59,048.5 | 1.6% | 1,080.0 | 0.03% |
| 1.11.12 | 3,824,430.0 | 0.0 | 0% | 3,136,291.6 | 82.0% | 636,080.9 | 16.6% | 5,034.0 | 0.1% | 45,943.5 | 1.2% | 1,080.0 | 0.03% |
| 1.12.12 | 4,056,400.0 | 0.0 | 0% | 3,380,671.7 | 83.3% | 616,562.8 | 15.2% | 7,139.0 | 0.2% | 50,946.5 | 1.3% | 1,080.0 | 0.03% |
| 1.01.13 | 4,099,690.0 | 0.0 | 0% | 3,406,475.2 | 83.1% | 638,306.1 | 15.6% | 7,119.0 | 0.2% | 46,709.7 | 1.1% | 1,080.0 | 0.03% |
| 1.02.13 | 4,201,340.0 | 0.0 | 0% | 3,539,406.2 | 84.2% | 609,356.1 | 14.5% | 4,788.0 | 0.1% | 46,709.7 | 1.1% | 1,080.0 | 0.03% |
| 1.03.13 | 4,371,370.0 | 0.0 | 0% | 3,641,839.9 | 83.3% | 571,776.1 | 13.1% | 5,289.0 | 0.1% | 151,385.0 | 3.5% | 1,080.0 | 0.02% |
| 1.04.13 | 4,562,700.0 | 0.0 | 0% | 3,614,332.9 | 79.2% | 588,790.7 | 12.9% | 5,289.0 | 0.1% | 353,207.4 | 7.7% | 1,080.0 | 0.02% |
| 1.05.13 | 4,501,700.0 | 0.0 | 0% | 3,454,972.8 | 76.7% | 620,290.7 | 13.8% | 5,106.2 | 0.1% | 420,250.3 | 9.3% | 1,080.0 | 0.02% |
| 1.06.13 | 4,578,520.0 | 0.0 | 0% | 3,358,623.7 | 73.4% | 523,396.4 | 11.4% | 3,121.2 | 0.1% | 693,378.7 | 15.1% | 0.0 | 0.00% |
| 1.07.13 | 4,765,570.0 | 0.0 | 0% | 3,471,615.4 | 72.8% | 575,694.8 | 12.1% | 3,121.2 | 0.1% | 715,138.6 | 15.0% | 0.0 | 0.00% |
| 1.08.13 | 4,768,320.0 | 0.0 | 0% | 3,539,517.5 | 74.2% | 583,276.8 | 12.2% | 2,945.2 | 0.1% | 642,580.5 | 13.5% | 0.0 | 0.00% |
| 1.09.13 | 4,846,990.0 | 0.0 | 0% | 3,495,177.5 | 72.1% | 675,776.8 | 13.9% | 2,945.2 | 0.1% | 673,090.5 | 13.9% | 0.0 | 0.00% |
| 1.10.13 | 4,661,140.0 | 0.0 | 0% | 3,515,157.5 | 75.4% | 601,401.8 | 12.9% | 2,945.2 | 0.1% | 541,635.5 | 11.6% | 0.0 | 0.00% |